| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 16-марты №13** **Кара-Суу айылы**

**Кара-Суу айылы боюнча малчылардын мал багуу акысы жана жоопкерчилиги жөнүндө**

Кара-Суу айылынын жалпы элдик жыйындын жана жайыт комитетинин малчылар менен өткөрүлгөн жыйынынын чечимине таянуу менен, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 28-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кара-Суу айылы боюнча мал алып багуучулар үчүн кызмат көрсөтүү акысы төмөндөгү өлчөмдө бекитилсин:

1) Кой, эчкилерге - 1 айга башына 100 сом тузу ичинде, калган айлары 80 сом жайыт акысы ичинде (кой козу 20 сом), чектөө 1000 баш, кой жоголсо 10 000 сом, козу жоголсо 8 000 сом төлөнүп берилсин.
2) Уй - башына 600 сом, жайыт акысы ичинде, чектөө 80 баш.
3) Жылкы - 600 сом, жайыт акысы ичинде, чектөө 80 баш.
4) Саан бээ - өз ара келишим боюнча.
5) Чектөө киргизилген бодо мал 80 баш, жылкы 80 баш, кой 1000 баштан ашса 20 000 айып пул салынсын.
6) Күзүндө жайлоодон көчүп келген учурда сырттан келген малды, айылга бакпастан мал ээлерине өз убагында бербей, айыл ичинде багылганы аныкталса, 20 000 сом айып пул салынсын.
7) Уй, торпок, жылкы, тай жоготуп алса ошол малдай жашташ алып берилсин.
8) Кесүү кайтарганда малын карабай ит кушка жегизип алса, малдын башына баш сатып малдын ордун тургузсун.
9) Бодо малдар бирөөнүн үлүш жерине, огородуна түшүп зыян келтирсе ар бир башына 2 000 сомдон, ал эми кой эчкилердин ар бир башына 100 сомдон айып пул салынсын.

2.Мал өлсө тез арада мал ээсине кабарлоо жана жеткирип берүү, жоголсо төлөп берүү малчыларга милдеттендирилсин. Айдоочуга өлүк мал алып келсе 100 сом, тирүү койго 200 сом, тирүү бодо малга 700 сом, өлүк бодо малга 300 сом, мал ээси төлөп берсин.

3.15-майдан баштап малчыларды жайлоого көчүрүү жана 25-сентябрдан кийин жайлоодон жакага көчүрүү боюнча иш жүргүзүү жагы жайыт комитетинин төрагасы М.Бекеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**

ТАЛАС ОБЛУСУНУН ТАЛАС РАЙОНУНУН КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ * КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ ТАЛАССКОГО РАЙОНА ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ * ИНН 01901201010045 *